КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

БЕКИТЕМИН

ОшМУнун ректору,

профессор К.А. Кожобеков

_______________________

[illegible]4-декабрь 2021-жыл

**ОшМУнун факультеттеринин декандарынын жана колледжеринин директорлорунун тарбиялык иштер боюнча орун басарлары үчүн**

## КЫЗМАТТЫК НУСКАМА

Бул кызматтык нускама Ош мамлекеттик университетинин (мындан ары – университет) ОшМУнун факультеттеринин декандарынын жана колледждеринин директорлорунун тарбиялык иштер боюнча орун басарларынын (мындан ары – декандын/ директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары) ишмердигин, укуктарын жана милдеттерин аныктап берет.

### 1. Жалпы жоболор

1.1 Декандын/ директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары факультеттин/ колледждин жетекчилик категориясындагы кызмат, бул кызматка кабыл алуу жана иштен четтетүү декандын/ директордун билдирүүсү, студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректордун макулдугу, ректордун буйругу тарабынан жүргүзүлөт.

1.2. Декандын/ директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары тиешелүү деканга/ директорго жана студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректорго баш ийет.

1.3. Декандын/ директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары өз ишмердигин жүргүзүүдө төмөнкү документтерди жетекчиликке алат:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы,
- тиешелүү маселелерди жөнгө салуучу КРдин укуктук жана нормативдик актылары;
- Ош мамлекеттик университетинин Уставы;
- тиешелүү маселелерди жөнгө салуучу университеттин локалдык жоболору, тиешелүү декандын/ директордун буйрутмалары, студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректордун буйрутмалары, ректордун буйруктары жана буйрутмалары, Окумуштуулар кеңешинин, административдик кеңештин чечимдери;
- университеттин тарбиялык иштерин жүргүзүүнүн комплексттик планы,
- декандын/ директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары үчүн иштелип чыккан кызматтык нускама

1.4.

- Декандын тарбиялык иштер боюнча орун басары факультеттерде штаттык бирдик эмес, кошумча акы төлөө менен аткарылат. Декандын тарбиялык иштер боюнча орун басары үчүн төлөнүүчү кошумча акы пландоо-финансылык бөлүмү тарабынан камкорчулар кеңешинин чечими менен аныкталат